*Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, 2026, №3, бб. 85-90
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.3.9
eijournal.ilimbilim.kg

ТАРЫХ / ИСТОРИЯ / HISTORY
УДК 94(931) (051)

# Кыргыз элинин улуттук оюндары жана алардын мааниси

**Султанова Махпуратхон Шакировна**
*т.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан*
**Абдинаби кызы Нуркыз**
*магистрант, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан,* nurkyz.abdinabieva@icloud.com

**Аннотация**
Бул макалада кыргыз элинин улуттук оюндары жана алардын мааниси жөнүндө айтылат. Оюндар - жаштарды элди, жерди, мекенди сүйүүгө, адилеттүүлүккө, эмгекчилдикке, акыл-эстүүлүккө тарбиялаган. Оюндар оюнчуларды кеңири ой жүгүртүүгө, эске тута билүүгө, чыгармачылык менен элестете билүүгө, байкагыч-баамчылдыкка, туруктуулукка, чечкиндүүлүккө, кыраакылыкка, тапкычтыкка, айлакерликке, эпчилдикке, ийкемдүүлүккө, шамдагай-шайырлыкка, ар кандай шартта токтоолукка, эрктүүлүккө жана башка сапаттарга көнүктүргөн.

**Ачкыч сөздөр:** кыргыз, көчмөн, элдик педагогика, тарбия, акыл оюндары, спорт, дене-тарбия

**Шилтеме үчүн:** Султанова М.Ш., Абдинаби кызы Н. (2026). Кыргыз элинин улуттук оюндары жана алардын мааниси. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, №3, бб. 85-90. doi: 10.65469/eijournal.2026.3.9

## Киришүү

Кыргыздардын илгертеден келаткан улуттук оюндары арбын. Алар тойлордо, маарекелерде, жакшылыктарда, аш-тойлордо көңүл ачканды жакшы көрүшкөн. Кыргыздарда 300 дөн ашуун оюндун түрлөрү бар. Алардын негизгилери: ат чабыш, эр эңиш, ордо, күрөш, куш салуу, оодарыш, улак тартыш ж.б. Алардын ар бири өзүнчө кызыктуу. Тарбиялык мааниси күчтүү. Денени чыңдөөгө жана сергек жашоого үйрөтөт, акыл-эсти өстүрүүгө пайдалуу, аскердик даярдоодо зор роль ойнойт.

Кыргыз эли эчен кылым карыткан,

Эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан –

деп айтылгандай кыргыз эли көптөгөн кылымдарды карыткан Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин бири. Күнөстүү жерди жердеп, көчмөн турмушта жашап, миңдеген жылдар бою өзүнүн маданиятын муундан-муунга калтырып ошол бай маданият жашоо образына карап, кээде өзгөрүлүп отуруп азыркы ушул күнгө жетти. Ушул айтып жаткан казынанын ичиндеги байлыктардын бири бул кыргыз элинин улуттук оюндары. Улуттук оюндарда

© The Author(s) 2026.
This article is an open access article distributed under the terms and conditions of the Creative Commons Attribution (CC BY) license (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/).

кыргыз элинин жашоо шарты, жашоо образы, кайгы-муңу, күлкүсү, баары чагылдырылат жана улуттук оюндарда кыргыз элинин тарыхы жатат.

Кыргыз элинин улуттук оюндарынын түрлөрү арбын. Бешик ыры, сал билек, тушоо кесүү, сармерден, акыйнек, кыз куумай, эр оодарыш, тай жарыш, тыйын эңмей, ат чабыш, улак тартыш, чырга тартуу (мүнүшкөрлүк), эңиш, балбан күрөш, төө чечмей, ак чөлмөк, ак терек-көк-терек, алты бакан, аңкилдек, аңчы, аркан тартмай, жамбы атмай, жашынмак, токту сурамай, жоолук таштамай, жөө эңиш, чикит ойноо, жылгаяк тебүү, ийне жоготтум, ит тартыш, кайырмак, куурчак ойноо, кара коюм дүрпүлдөк, коён тебим, колго түшмөй, коон бышты, коон үзмөй, койума карышкыр тийди, “жылаңач чабышуу”, чакмак алышуу, дүмпүлдөк, “өпкө чабышуу”, “айгыр чабуу”, “аялдардын сайышы”, “аял оодарыш”, упай атышуу, көлгө түшмөй, “Каным дат!”, уюм тууду, “жедирмек сасымай”, куржун, куу түлкү, мышык-чычкан, опоң-чычаң, селкинчек, соку жанчмай, сүт ичмей, так орун, таш жарыш, тезек берүү, теке чабыш, токмок, из туурамай, чүкө атмай, бычак атмай, жаа атуу, кан таламай, кыл аркан салмай, кыйык атуу, мангел менен атуу, найза ыргытмай, токол эчки, муз тебүү, шаңгы менен тоодон түшмөй, арканга чыгуу, чака тепмей, боордоктоп жылуу, башы менен турмай, элечек чечмей, керме арканда басуу, ат секиртмей, күлүк чабуу, жорго саймай, ат үстүндө топ ойноо, муш кетти, тегеренмей, таш жылдырмай, тизеде күрөшүү, корозчо урушмай, манжа жазмай, төө басты, “күзгүбү же таракпы?”, така иймей, сокур бүркүт, дем албай туруу, жар издемей, бек-бекей, шерик сурамай, жип кесмей, таман тузак, ой табышуу, тузак, кылтак, мылтык менен аң уулоо, куш салуу, тайган саймай, бат айтуу, жаңылмач, табышмак айтуу, учту-учту, айтыш, таар түрмөй, аркан оромой, бел боо чечмей, дөңгөч жаруу, сөөк сындырмай, кыз оюн, укурук салмай жана башкалар. Аларды негизинен төмөндөгүдөй топторго бөлүп кароого болот:

1. Салт оюндары. Булар: бешик ыры, сал билек, тушоо кесүү. Элдин күнүмдүк турмушунда керетелүүчү бул оюндар байыртадан эле келе жатат. Анткени каада-салтта адат катары да колдонулат.
2. Акыл оюндары. Буларга: Акуш (Сармарден), Акыйнек, Алтын шакек ыргып чык, шакек жашырмай, ат коймой, бакчы, балык, жаныбар, куш, беш таш, топ таш, борбор шаар, бөрү таш, жылдырмай, как таламай, кимдин мөрөйү, киште, кыз оюну, упай, учту-учту, уюм тууду, чатыраш, чатыра таш, ыр кесе, шерин сурамай ж.б.
3. Ат оюндары: ат чабыш, байге, жамбы атуу, жорго салыш, келин жарыш, кыз жарыш, кыз куумай, улак тартыш, тыйын эңмей, чырга атуу (мүнүшкөрлүк), тай жарыш ж.б.
4. Кыймыл оюндары: айланып чуркоо, айланма ат, айры куйрук жана тоок, ак терек көк терек, аркан тартмай, аңкилдек, атаман, бекинмечек, жоо эңиш, жашынмак, ит тартыш, жоолук таштамай, дүмкүлдөк, ашкабак чакмай сыяктуу ж.б. оюндар.
5. Спорт оюндары: бул оюндар байыркы менен азыркы чет элдик оюндарды айкалыштырып бөлгөн. Буларга: жөө кунан чабыш, курөш, ордо, салмоор, стол тенниси, тогуз коргоол, шахмат, дойбу, таш ыргытмай ж.б. [1, 7, 8].

Кылымдар бою ойнолуп келе жаткан кыргыз элинин оюндары алигиче болсо да толугу менен изилденип бүтө элек. Кыргыздардын байыркы ата журту көчмөн мал чарбачылыгын жүргүзүүгө, кандайдыр бир даражада дыйканчылык менен кесиптенүүгө, кол өнөрчүлүктүнг түрүн өнүктүрүүгө (металл иштетүү, зергерчилик, жыгач усталык, тери иштетүү, кийиз жасоо,өрмөчүлүк, оймочулук ж.б.) аң уулоочулук кесиптин, аскердик өнөрдүн жана оюн-зооктун өнүгүшүнө мүмкүнчүлүк түзгөн берекелүү жай болгон [2].

Кыргыз эли өз жашоо тарыхында татаал жолдорду басып өтүп, эли-жерин, мал-жанын ал тургай коншулаш турган тектеш тилдүү калктарды да сандаган жоодон, табигаттын катаал кырсыктарынан коргоп келген. Ошону менен катар өз биримдигин, үрп-адатын, салтын кылымдар бою түзүлгөн маданиятын мыкты сактаган. Ат жалында эркин ойноп, көчүп-конуп жүрүүгө шай жаралган жоокер элдин кулк мүнөзүнө, улуттун өзгөчөлүгүнө жараша сандаган кыймылдуу оюндарды ойлоп табышкан. Ал оюндар азыр биз жашап жаткан күндөргө да жетип, кээ бирлери социалдык мазмунга жараша өзгөрүүлөргө дуушар болгон.

Негизинен ал оюндарда элдин ой-тилеги, үмүтү, кубанычы, өкүнүчү, эрдиги, эркиндик-теңдикке умтулуусу, адилеттик, акыйкаттык үчүн болгон күрөшү камтылган [3]. Баарынан да калкты дене-түзүлүш жактан жеткилең тарбиялоодо, коздукка, сулуулукка умтулууда бирден бир курал – бул кыймылдуу оюндар, ыр-күүлөр, санат-санжыралар, жаңылмачтар, табышмактар болгон. Кыргыз эли илгертен ат жалына казан аскан жоокер эл. “Моголистандын жапайы арстандары” – деген даңктуу ат бир кезде кыргыз элине бекеринен берилген эмес. Кыргыздар өзүнүн 3 миң жылга созулган тарыхында сырттан кол салган нечен күчтүү баскынчы душмандардан эли-жерин, Ата-Мекенин коргоп, кандуу майдандарда далай кызыл кыргындуу согушка катышып, нечен тар жол, тайгак кечүүлөрдү кечип өткөн. “Орто Азияда жашаган түрк элдеринин ичинде кыргыз элинен башка байыркы заманда тарыхта аты аталып калган эл жок”-деп айткан атактуу академик, түрколог В.В. Бартольд. Ушундай жоокерчилик замандагы кыргыз элинин көчмөндүү турмушунда жылкы баласы өтө көрүнүктүү орунду ээлеп келген.

Байыркы кыргыздардын “Эңкейиште эр сайган, экини катар бир сайган”-деген атактуу баатырларынын тагдыры алардын астына миңген тулпар аттарынын мыктылыгына байланыштуу болгон. Ошондуктан кыргыздардын элдик оюндарынын ичинен – жамбы атмай, оодарыш, балбан күрөш, улак тартыш, жорго салыш, нан таламай, ордо, ат чабыш сыяктуу улуттук оюндар басымдуу орунду ээлейт. Кыргыз элинин тарыхы тээ байыркы заманга барып такалгандыктан, анын оюндарынын басымдуу көпчүлүгү өтө байыркы жоокерчилик заманда пайда болгон [4].

Кыргыз элингин оюн-зоокторунун көпчүлүгүнөн жашоодогу чоң күрөштүн көп жактарын, чийеленген татаал жолдорун көрө алабыз. Ар бир оюндун ойнолуу тартибинде, эрежелеринде элдин башынан өткөргөн тарыхы, эки жактуу күрөшү чагылдырылган. Алар тикеден-тике ачык көрсөтүлбөй, көмүскөдө тамашага, оюн-күлкүгө айлантылып, кызыктуу жагдайлар менен көрсөтүлүп, жөнөкөйлөтүлгөн маанида берилген.

Элдик оюндардын чыгышына, ойнолуп калышына эл өзүнүн башынан өткөргөн турмуштук көрүнүштөрү менен жоокердик кагылышуулар негиз болгондугу оюнчулардын кыймыл-аракеттеринен даана байкалат. Башкача айтканда кыргыз элинин оюн зоок тамашалары көчмөн жана жоокердик турмуштун чагылышкан көрүнүшү болуп эсептелет.

Көпчүлүк оюндарды ойноо менен элибиз өздөрүнүн жана көрүүчүлөрдү жоокердик турмушка, алдыда боло турган күрөшкө машыктырган. Айрыкча оюнчулар оюн учурунда кылдаттыкка, дал мээлөөгө ж.б. дагы толуп жаткан өнөрлөргө үйрөнүшкөн. Ал эми улуу муундардын өкүлдөрү жаштарды белгилүү бир оюндун тартибинде ойнотуу менен турмуштагы зарыл кыймыл аракеттерди аткарышып, эртеңки күндүн талабына үйрөтүшүп, кимдин эмнеге жөндөмдүүлүгүн сындашкан. Ошентип оюн үстүндө, “мин сан колго жалтанбай кирген” келечектеги баатырларды тарбиялашкан. Албетте убакыт өткөн сайын

турмуш талабына карата оюндардын мурунку жоокердик маани-максаты эскирип, унуткарылып – акыркы учурларда ден-соолукту чыңдоочу дене тарбиянын булагы болуп гана кызмат кылып калды. Эгеменүүлүктүн шарапаты менен журтубуздагы баардык унутулган нерселер жаңыча өмүр, жаңыча түс алды. Элдик оюндардын негизинде кыргыз улутунун спорт оюндары жаралды. Алар жалпы журт менен кошо көптөгөн спортакиада да, оюн-зооктор да эмгек менен эс алууда кеңири колдонула баштады [5].

## Корутунду

Улуттук оюндар кыргыз элинин жашоосунда өтө маанилү ролду ойногон. Эрдикти өнүктүрүүгө, күчкө жана шамдагайлыкка тарбиялоого көмөк көрсөткөн.Тарбиялык жактан да жашоонун маңызына айланган бул оюндар азыр да өзүнүн маанисин жоготпой келет.Оюндар көңүл ачууда, маданияттуу эс алууда, бош убакытты өткөрүүдө, денени чыңдоодо гана чоң мааниге ээ болбостон, балдардан руханий дүйнөсүн калыптандыруунун аларга патриоттук жана башка тарбия берүүнүн, улуттук маданияттарды жакындаштыруунун жана өз ара байытуунун да маанилүү каражаты болуп эсептелинет. Кыргыз элинин улуттук оюндары элдик материалдык жана руханий чыгармачылыктарынын бардык тармактарын камтыйт, адамдардын ишмердүүлүгүнүн бир түрү.

## Адабияттар


1. Анаркулов Х. Кыргыз элинин оюндары. –Б, 1991,12-б.
2. Бартольд В.В. Кыргыздар: тарыхый очерк Кыргыздар: санжыра, тарых, мурас, салт. Түзгөн К. Жусупов, 2-том. -Б., 1993.
3. Бектенов З. Юнус Мусин Кыргыздын элдик оюндары. –Ф.,1978, 5-б.
4. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстан тарыхы (Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин) Б., 2012; 63; 67-б.
5. Токторбаев С. Өспүрүмдөр оюндары.-Б., 1998, 4-б.
6. Маматсабыр Турганбай уулу. Ордо. – Ош 1992.
7. Базарбаева Г.Б., Султанов Ж.М., Ибраев С.А. (2026). Ош облусунда спорттук туризмди өнүктүрүүнүн багыттары жана анын социалдык-экономикалык мааниси. Евразия изилдөөлөрү ачык журналы, №1, бб. 37-45. doi: 10.65469/eijournal.2026.1.5
8. Раманов С.С., Ажибеков У.Ы. (2026). Мектеп жашындагы балдардын дене тарбиясында жеңил атлетика көнүгүүлөрүн колдонуу. Евразия изилдөөлөрү ачык журналы, №1, бб. 55-63. doi: 10.65469/eijournal.2026.1.7

*Открытый журнал евразийских исследований*, 2026, №3, сс. 85-90
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.3.9
eijournal.ilimbilim.kg

ТАРЫХ / ИСТОРИЯ / HISTORY
УДК 94(931) (051)

# Национальные игры кыргызского народа и их значение

**Султанова Махпуратхон Шакировна**
*к.и.н., доцент, Ошский государственный университет, Кыргызстан*

**Абдинаби кызы Нуркыз**
*магистрант, Ошский государственный университет, Кыргызстан, nurkyz.abdinabieva@icloud.com*

**Аннотация**

В данной статье рассматриваются национальные игры кыргызского народа и их значение. игры учат молодежь любить свой народ, землю, родину, справедливость, трудолюбие и разум. игры прививают игрокам широкое мышление, память, творческое воображение, наблюдательность, настойчивость, решительность, дальновидность, находчивость, хитрость, ловкость, гибкость, проворство, жизнерадостность, самообладание в любой ситуации, силу воли и другие качества.

**Ключевые слова:** кыргызы, кочевник, народная педагогика, воспитание, умственный труд, спорт, физкультура

*Open Journal of Eurasian Issues*, 2026, no. 3, pp. 85-90
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.3.9
eijournal.ilimbilim.kg

ТАРЫХ / ИСТОРИЯ / HISTORY
УДК 94(931) (051)

# National Games of the Kyrgyz People and Their Significance

**Mahpurathon Shakirovna Sultanova**
*Candidate of Historical Sciences, Associate Professor, Osh State University, Kyrgyzstan*
**Nurkyz Abdinabi kyzy**
*Master's Student, Osh State University, Kyrgyzstan, nurkyz.abdinabieva@icloud.com*

**Abstract**

This article discusses the national games of the Kyrgyz people and their significance. Games educate young people to love their people, land, homeland, justice, hard work, and reason. Games accustom players to broad thinking, memory, creative imagination, observation, perseverance, determination, foresight, resourcefulness, cunning, dexterity, flexibility, agility, cheerfulness, composure in any situation, willpower, and other qualities.

**Keywords:** Kyrgyz, nomad, folk pedagogy, education, mental work, sports, physical culture